ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**e-ISSN: 1694-8610**
№2/2023, 121-127

**УДК:** 947.1(575.2)(043.3)
**DOI:** https://doi.org/10.52754/16948610_2023_2_15

# ТАЛАС ӨРӨӨНҮНДӨГҮ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН ТАРЫХЫ (1920-1980-жж.)

ИСТОРИЯ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ В ТАЛАССКОЙ ДОЛИНЕ (1920-1980 гг.)

HISTORY OF THE EDUCATION SYSTEM IN THE TALAS VALLEY (1920-1980)

**Кулова Элнура Кемелбековна**
*Кулова Элнура Кемелбековна*
*Kulova Elnura Kemelbekovna*

**т.и.к., доцент Талас мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Таласкиий государственный университет*
*Candidate of Historical Sciences, Associate Professor, Talas State University*
elnura_kulova@mail.ru

**Култаева Марина Таласбаевна**
*Култаева Марина Таласбаевна*
*Kultaeva Marina Talasbaevna*

**Магистрант, Талас мамлекеттик университети**
*Магистрант, Таласкиий государственный университет*
*Master's student, Talas State University*
kultaevamarina742@gmail.com

# ТАЛАС ӨРӨӨНҮНДӨГҮ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН ТАРЫХЫ (1920-1980-жж.)

**Аннотация**

Макалада билими берүү системасынын тарыхын изилдөөнүн бүгүнкү мезгилде да актуалдуулугу. Мезгил өзү тастыктагандай билими берүүнүн сапатын жогорулатуу менен гана билимдүү, жоопкерчиликтүү жарандарды тарбиялоого болору, кыргыз элинин жарым көчмөн жашоосунан толук отурукташкан жашоого өткөн мезгилден тартып, Совет бийлигинин алгачкы мезгилиндеги жана 1980- жылдарга чейинки убактагы сабатсыздыкты жою бонча жасалган иштер тууралуу кароону чечтик. Ошону менен катар сабатсыздыкты жою боюнча атайын чоң адамдарга ачылган кечки мектептер, жалпыга билим берүүнүн 4 жылдан 7 жылга өтүшү, айылдарда сабатсыздыкты жана чала сабатсыздыкты жоюу боюнча жүргүзүлгон иштер боюнча архивдик материалдар каралып анализ жасалды. Ошону менен катар аялдарды коомдук иштерге активдүү аралыштыруу, Таластагы аялдар кеңешинин биринчи төрайымы, орто мектептерде кечки мектептер ачылып андагы окуган окуучулардын саны жана жаңы ачылган мектептерде уюштуруу процесстеринин жүрүшү берилди.

***Ачкыч сөздөр:*** билим берүү, жалпыга билим берүү, сабатсыздык, чала сабатсыздык, кечки мектептер, аялдар кеңеши,орто кесиптик окуу жайлар.

***История системы образования в таласской долине (1920-1980 гг.)***

**Аннотация**

В данной статье рассматривается актуальность изучение системы образования, а также то что с помощью улучшения системы образования можно воспитать образванного, ответственного гражданина. Работы сделанные в ликвидации массавой не грамотности начавшийся в первые годы Советской власти сопроваждался с процессом расселения полукочевых кыргызов продолжая до 1980- гг. Как подтверждает сам период, воспитать образованных и ответственных граждан можно только за счет повышения качества образования. При этом были изучены и проанализированы архивные материалы о ликвидации неграмотности и частичной неграмотности в селах, а также рассмотрены процессы по активизации участие женщин в общественной жизни, первый председатель женсовета в Таласе, количество учащихся, обучающихся в общеобразовательных школах, архивные материалы по открытии новых школ, и о работе вечерних школ.

***Ключевые слова:*** образование, общее образование, неграмотность, частичная неграмотность, вечерние школы, женсовет, средние профессиональное училища.

***History of the Education System in the Talas Valley (1920-1980)***

**Abstract**

This article considers the relevance of studying the education system, as well as the fact that by improving the education system, you can educate an educated, responsible citizen. The work done in the elimination of mass literacy, which began in the first years of Soviet power, coincided with the process of resettlement of semi-nomadic Kyrgyz, continuing until the 1980s. As the period itself confirms, it is possible to educate educated and responsible citizens only by improving the quality of education. At the same time, archival materials on the elimination of illiteracy and partial illiteracy in villages were studied and analyzed, as well as processes for intensifying the participation of women in public life, the first chairman of the women's council in Talas, the number of students studying in secondary schools, archival materials on the opening of new schools, and on the work of party schools.

***Keywords:*** education, general education, illiteracy, partial illiteracy, evening schools, women's council, secondary vocational schools

**Киришүү**

Советтер Союзунда элге билим берүү ошол кездеги саясий кырдаалга жана партиянын генералдык линиясы менен тыгыз байланышта болгон. Совет мамлекети орногондон кийин эле билим берүүгө биринчи кезекте көңүл бурулган. 1917-жылдын 9-ноябрында Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин жана Эл Комиссарлар Советинин биргелешкен Декретине ылайык Эл агартуу комитети түзүлүп ага элге билим берүү жана маданияттын системасын башкаруу милдети жүктөлгөн. 1918-жылдын 5-февралында Элдик комиссарлар кеңешинин декрети менен чиркөө мамлекеттен, мектеп чиркөөдөн бөлүнгөн (Барсенковжана Вдовин, 2005 ,180-б) Совет бийлигин алгачкы мезгилинде кабыл алынган жогорудагы чечимдер албетте кийинки билим берүү системасына өз таасирин тийгизген.

РСФСР Эл Комиссарлар Совети 1920-жылдын 19-июнунда сабатсыздыкты жоюу боюнча Бүткүл Россиялык өзгөчө комиссия түзүлгөн. “Массалык сабатсыздыкты жоюу” боюнча мамлекеттик деңгээлде иштер жүрүп 16-50 жаштагы адамдардын сабатсыздыгын жоюу боюнча иштер жүргөн.

Башталгыч билим берүү тармагында 1920-жылдардагы негизги маселе сабатсыздыкты жоюу болуп кала берген. Барсенков А. С., Вдовин А. И. биргелешкен «Россиянын тарыхы» эмгегинде 1923-жылы Эл агартуу комиссариатынын декрети менен «Сабатсыздыкты жоюу» коому түзүлгөндүгүн белгилешкен. 1,2 миллиондон ашык адам айыл-кыштакка маданиятты жогорулатууга жардам берүүгө арналган шаардык патронаждык уюмдарга биригишкен. Сабатсыздыкты жоюуну тездетүү ылайыктуу мекемелерге жүктөлгөн. 1924-жылга карата окуучулардын санын (калктын абсолюттук кыскаруусу менен) дээрлик 1914-жылдын деңгээлине (98%) жеткирүүгө мүмкүн болгонуна карабастан, мектептердин саны согушка чейинки деңгээлдин 83% гана түзгөн (Барсенков жана Вдовин, 2005,181- б). Бул мезгилде студенттердин негизги агымы кароосуз калган балдар болгон. 1925-1928-жылдары мектеп жашындагы бардык балдарга билим бериле баштагандыктан, жергиликтүү Совет бийлигинин буйруктары менен жалпыга милдеттүү башталгыч билим берүү киргизилген. Милдеттүү түрдө башталгыч билим алуу өз жемишин берген.

Архивдик булактарга таянуу менен ошол мезгилдеги массалык сабатсыздыкты жоюу иштери боюнча бүтүндөй өлкөдө анын ичинде Талас өрөөнүндө да чоң иштер аткарылгандыгын белгилөөгө болот. Бул иштер жарым көчмөн элдерди отурукташтыруу менен коштолгон. Негизинен чоң адамдардын сабатсыздыгын жоюу боюнча аткарылган иштер Советтик билим берүүнүн жетишкендиктеринин бири деп белгилөөгө болот. Алсак 1950- жылы Киров №1 орто мектебинде- 71 адам, Бейшеке орто мектебинде -143 адам, Көк-Сай орто мектебинде -75 адам 3-6 класстарда кечки мектептен билим алышкан. Грозный орто мектебинин базасында 4-7 класстар орус тилинде кечки мектеп болуп уюшулган. (Талас обл. архиви Ф.1, оп.1, д.218, л.1-2).

30-жылдардын башталышында башталган бул процесстин натыйжасында дээрлик 80-жылдардын аягына чейин кечки мектептер (вечерние школы) иштеп келгендигин архивдик документтер далилдейт.

Жогорудагы иштерге карабастан сабатсыздыкты жоюу боюнча кыйынчылыктар жаралган. Архивдик материалдарда буга далил катары райондун начальниги жолдош Токтосуновдун райондо сабатсыздыкты жоюнун жүрүшү жөнүндөгү докладын кароого

болот. Ал докладдын негизинде РАКтин Президиуму сабатсыздыкты жана чала сабатсыздыкты жоюунун жүрүшү начар жүрүп жаткандыгын белгилейт. Облус боюнча 2968 адам сабатсыз болсо жарым сабаттуу 1933 адам, бардыгы болуп 4901 адам. Бир катар селолук Советтерде жана колхоздордо ликпункттар үчүн жайлар жок, ошондой эле алар жарык жана аккумулятор менен камсыз кылынган эмес. Бүлкүлдөк, Таш-Төбө, Талас селолук Советтеринде сабатсыздыкты жою айрыкча начар жүрүгөн. Кээ бир окуу мекемелеринде сабатсыз, максатына туура келбеген мугалимдер иштегендиги белгиленген (Талас обл. архиви Ф.193, оп.1, д.141, л.71-72-73)

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле Борбордук Азия элдеринде аялдар маселеси курч коюлгандыгы маалым. 1919-жылы күзүндө РКП(б) Борбордук Комитетинин атайын чечими менен өлкөнүн партиялык комитеттеринин алдында аялдардын арасында иш жүргүзүү, алардын сабатсыздыгын жоюу, жашоонун жаңы образы үчүн күрөш жана аялдарды экономикалык жана коомдук-саясий турмушка активдүү катышууга тартуу процесси башталган (Кулова, 2017, 27-б.). 1919-1920-жылдарда эле Кыргызстанда, ошондой эле бүткүл өлкөдө партиялык комитеттердин алдында аялдар бөлүмдөрү түзүлгөн. Аялдар бөлүмдөрү жумушчу аялдар менен дыйкан аялдардын конференцияларын өткөрүп, делегаттардын чогулуштарын өткөрүп, аялдарды советтик, профсоюздук жана башка коомдук иштерге, өндүрүшкө тарткан(Кулова, 2017, 28-б.).. Аялдар бөлүмдөрү тарабынан Талас өрөөнүндө да иштер жүргөн. Айылдагы аялдар бөлүмүнүн биринчи активисти болуп Дмитриевкада Склярова Агафья Григорьевна дайындалган. Ал Янгичектин кыргыз жана өзбек аялдарынын арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн. 1929-жылы Склярова А.Г. Таластын аялдарынан ЦБТ – эмгекчилердин маданиятын жана турмушун жакшыртуу боюнча биринчи Москва курстарына жиберилген (Кулова, 2017, 40-б.).. Активист аялдардын бири Тарадина Марфа Тимофеевна болгон, ал Талас шаарында басмачыларды талкалоого катышкан, кийин Ички иштер министрлигине милиционер-көзөмөдөөчү болуп кирген(Кулова, 2017, 40-б.).. Белгилей кетсек, аялдарды боштондукка чыгаруу саясаты жана аялдар бөлүмдөрүн түзүү 30-жылдардын аягында эле өз жемишин берген. Анткени аялдар коомдук турмушта гана эмес, пролетариаттын негизги жумушчу күчү катары да эмгекчилердин 50 пайызын түзгөн.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Дмитриевкадагы мектепте директор болуп Н.Г.Семенов иштеген. Мурдагы орус улутундагы мектептин ордуна кыргыз балдары үчүн мектеп-интернат ачылган (Талас обл. архиви, ф. 325, оп. 1, ед. 1).

Дыйкан жаштарынын мектеби уюштурулган. Ошол жылдары Дмитриевкада мектептер жана мугалимдер негизги прогрессивдүү күч болгон. Бул жерде биринчи жаштар уюмдары түзүлгөн. Адегенде «Көк көйнөкчөндөр», анан комсомол, пионер. Мугалимдер комсомолецтер менен бирдикте маданий революцияны ишке ашырышты, улуулардын жана жаштардын арасында тарбиялык (сабатсыздыкты жою) программалары боюнча сабактарды уюштурушту. Анда калктын 90% сабатсыз болгон.

Архивдик материалдарда 1924-жылга чейин мугалимдерге натуралай (дан жана башка продуктылар) ата-энелеринин эсебинен акы төлөнүп келгендиги берилет. 1926-жылы Кыргыз АССРи түзүлгөн. Элге билим берүүнү өнүктүрүү активдештирилген. 1931-жылы Дмитриевка айылында биринчи этаптагы Дмитриевка мектеби - 237 окуучу, 6 класс, Лениндик таяныч мектеби - 179 окуучу, 4 класс иштеген. Өспүрүмдөр мектеби - 74

окуучу, 2 класс, КЖМ(ШКМ), мектеп-интернат ачылган (Талас обл. архиви Ф.193, оп.1, д.141, л.71-72-73).

1951/52-окуу жылында областтын эл чарба планын орундатуу максатында эмгекчилер депутаттарынын Талас областтык Советинин аткаруу комитети Буденов районундагы Будёновский жети жылдык мектеби орто мектеп болуп кайра уюштуруу боюнча Киров районунун Грозненский участогунда эки орто мектептердин — Грозный жана Акчийде болуусу максатка ылайыктуу эместигин эске алып, райондун кыргыз участогунда орто кыргыз мектептери жок болгондуктан Бейшекеге жети жылдык мектебин жалпы билим берүүчү орто мектепке кайра уюштуруу каралган. 8-10-класстын окуучулары үчүн 50 адамдан турган мектеп-интернаттын ачылышы. Акчий орто мектеби жети жылдык мектеп болуп кайра түзүлсү боюнча чечимдер кабыл алынган (Талас обл. архиви Ф.1, оп.1, д.218, л.1-2).

Жаңыдан уюштурулган орто мектептердин нормалдуу иштеши үчүн зарыл шарттарды окуу жылынын башталышына чейин камсыз кылуу, мектеп эмеректери менен камсыз кылуу райондук аткаруу комитетинин төрагаларына жүктөлгөн. Ошол эле жылдын 25-августунан кечиктирилбестен жаңы ачылган орто мектептерди педагогикалык кадрлар менен толук камсыз кылуу да талап болгон.

Медициналык окуу жай түзүлгөн 14 жылдын ичинде (1955–1969) бардыгы болуп 1207 адис даярдалган, анын ичинен 492 фельдшер, 246 акушерка, 469 медайым.Биринчи бүтүрүү 1958-жылы болгон. Медициналык окуу жайдын биринчи директору Т.Андреева болгон (Кулова, 2017, 61-б). Белгилей кетүүчү жагдай бул окуу жайды аяктаган бүтүрүүчүлөр мыкты адис катары таанылган.

1960-жылы балдарды орус жана кыргыз тилдеринде параллелдүү окутуучу сегиз жылдык мектеп-интернат ачылган (Кулова, 2017, 72-б) 1962-жылы жаңы сегиз жылдык мектеп ачылды. 1968-жылы шаардагы реконструкцияланган мектептердин бири болгон мурдагы Ленинская орто мектеп, негизги, андан кийин толук эмес орто мектеп болуп калган . Ал эми 1974-жылы мектеп шаардын борборунан заманбап типтүү жаңы имаратка ээ болгон.

1970-1988-жылдары шаардын мектептеринде чоң өзгөрүүлөр болду. Мугалимдердин жана эл агартуу органдарынын кызматкерлеринин күчаракети жалпыга милдеттүү орто билимге өтүүнү аяктоо жана билим берүүнүн жаңыланган мазмунун киргизүү боюнча партия менен өкмөттүн чечимдерин ишке ашырууга багытталган. Талас шаарындагы жалпы билим берүүчү мектептерде окуучуларды эмгекке тарбиялоо жана кесипке багыттоо маселелерине көңүл бурулган. Бул эл чарбасынын квалификациялуу кадрларга болгон керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн алда канча ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

Талас шаарындагы 1978/79-окуу жылында жалпы билим берүүчү орто мектептердин сегизинчи классты бүтүрүүчүлөрдүн бардыгы орто билим ала башташкан. Шаардын мектептеринин материалдык базасын чыңдоого көп көңүл бурулган. Алсак, онунчу беш жылдыкка мамлекеттик капиталдык салымдардын эсебинен Талас шаарынын мектептери 336417 мин сомго окуу куралдарын, техникалык окуу куралдарын сатып алышкан (Талас обл. архиви Ф.1, оп.1, д.218, л.1-2).

. 1979/80-окуу жылына карата шаардын бардык орто мектептери окуунун кабинеттик системасына өттү. Учурда физика, химия, география, математика, орус тили, биология жана башкалар боюнча 52 кабинет бар.

1980-жылы шаардагы күндүзгү жана кечки мектептердин окуучуларынын контингенти 5053 окуучуну түзгөн. Белгилей кетсек 30-жылдары Талас өрөөнүндө 7118 сабатсыз, 1701 жарым сабаттуу калк болгон (Кулова жана Боромбаева, 2017, 66-б.).

1980-жылдары шаар калкы 22958 адамды түзгөн. Алардын ичинен 1044 адам жогорку, 110 адам толук эмес жогорку, 1965 адам атайын орто, 3805 адам орто, 3994 адам толук эмес орто билимдүү. Окуучуларды эмгекке тарбиялоону, тарбиялоону жана кесипке багыт берүүнү ишке ашыруу боюнча бир топ иштер жүргүзүлгөн. Шаарда 1977-жылы мектептер аралык окуу-өндүрүштүк комплекс түзүлүп, анда жалпы билим берүүчү мектептердин 9–10-класстарынын 645 окуучусу билим алган . Бул жерде окуучулар машина жасоо, машинка терүү жана иш кагаздарын жүргүзүү, ашпозчулук боюнча билим алып, сатуучу, өтүкчү, кыш кыноочу, тигүүчү адистиктерин алышкан (Талас обл. архиви Ф. 126 оп №1 ед.86 стр.94).

Учурда шаардын бардык мектептеринде окуучулар үчүн ысык тамак уюштурулуп, узартылган күн, ийримдер уюштурулуп, окуу китептери бекер пайдаланылууда. Шаардагы мектеп окуучулары 100% бекер окуу китептери менен камсыздалган. 1–4-класстар үчүн 7000 рублга окуу китептери сатылып алынган (Кулова жана Боромбаева, 2017, 66-б).

Райондо жаңы мектептерди ачуу жана башталгыч мектептерди жети жылдык болуп кайра түзүү жөнүндө» Райондун эл чарба планын элге билим берүү боюнча аткарууда эмгекчилер депутаттарынын Талас областтык Советинин аткаруу комитетинин Райондук аткаруу комитеттери арызга ылайык жети башталгыч мектепти жети жылдык мектепке кайра түзүү, Райондо жаңы эки мектепти ачуу жөнүндө Киров райондук аткаруу комитетинин  «Жуан-Төбө» совхозунун №1 фермасындагы жети жылдык мектеп, «Көк-Сай» совхозундагы Кайнар башталгыч мектебин ачуу жана мектептерди 1951-жылга  жетишпеген инвентарлар жана окуу жабдуулары менен камсыз кылуу каралган. Окуу жылынан тартып мектептердин нормалдуу иштеши учун зарыл шарттарды түзүүгө райондук аткаруу комитеттердин председателдери милдеттендирилген. Мындай иш чаранын жүргүзүлүшү менен катар жаңы ачылган мектептерде окуу жылынын 20-августунан кечиктирбестен жаңыдан уюштурулган бардык жети жылдык мектептерди педагогикалык кадрлар менен толук камсыз кылууга мектептин башчылары милдеттендирилген.

Жогруда келтирилген маалыматтардан Талас өрөөнүндөгү жалпы билим берүү системасы ошол мезгилдин талабына ылайык аткарылгандыгын жана уюшулгандыгын билүүгө болот.  Жалпы алганда азыркы мектептердеги билим берүү, ар бир айылда мектеп ачуу жана окуу жабуулары менен камсыз болушу жана аталган маселелердин жер-жерлерде көзөмөлгө алынуусу менен ишке ашкандыгы белгилүү

**Литература**

1. Барсенков А. С., Вдовин А. И. (2005) История России. 1917—2004. — Аспект-Пресс, Москва  (Электронный ресурс) доступ режима: https://ru.wikipedia.org/

2. Кулова Э.К. (2017) Талас шаарынын тарыхы (1877-2010) - тарых илиминин кандидаты окумуштуулукнаамыналууүчүнжазылгандиссертациянынколжазмасы.- Бишкек.
3. Кулов Э.К., Боромбаева З.К. (2017) Исторические условия возникновения города в Таласской долине// Вестник Ошского государственного университета. Специальный выпуск.
4. Постановления главы Таласской городской государственной администрации [Текст] // Таласский обл. архив, ф. 86, оп. 1, д. 931, л. 41, 49.
5. Раскрепощение женщин Киргизии Великой Октябрьской социалистической революцией (1917–1937 гг.) [Текст]: Сборник документов и материалов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1973. – 300 с.
6. Таласский областной архив, Ф. 104, ед. 26, л. 18.
7. Таласский областной архив Ф 126 оп №1 ед.86 стр.94
8. Таласский областной архив Ф.1, оп.1, д.218, л.1-2.
9. Таласский областной архив Ф.193, оп.1, д.141, л.71-72-73
10. Таласский областной архив, ф. 325, оп. 1, ед. 1.